«Макулдашылды» «Бекитемин»

ПКнын торайымы мектеп директору

Джолдошбекова Н.Н. Исабекова Л.Н.

# Чүй районунун Т. Онолбаев атындагы орто мектебин Өнүктүрүүнүн стратегиялык планы.

1. Киришүү
2. Миссиясы жана милдеттери
3. Мектептин учурдагы абалы
4. Стратегиялык багыттары, максаттары, милдеттери, күтүлүүчү натыйжалар
5. SWOT анализ

Киришүү

Тынымсейит Онолбаев атындагы орто мектебинин өнүктүрүүнүн стратегиялык планы 2018-жылдын 28-августундагы №1 Педагогикалык кеңешмесинде бекитилген. 2017 – 2023-жылдарга чейин төмөнкүлөрдү аныктайт:

Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндөгү" мыйзамы 30.04.2003-ж.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн " Кыргыз Республикасынын билим берүү системасын өнүктүрүүнүн стратегиялык багыттары жөнүндө"23.03.2012- ж. №201, Улуттук долбоордун концепциясы "Келечектин мектеби"2018-2040-ж.2020 ж.август айынын негизинде төмөнкү маселелер аныкталган:

- мектепте билим берүүнүн бардык баскычтарында окуу программаларын толук өздөштүрүү, сапатуу билим берүү, педтехнологияларды жаңылоо;
- мугалимдердин квалфикациясын жогорулатууга, чеберчилигин өстүрүүгө шарт түзүү;
- ийгиликтүү социалдашуу максатында жарандык маданиятты, толеранттуулукту, өз укуктарын, коммуникативдик компетенттүүлүгүн, маек кура билүүнү, өз алдынча болууга тарбиялоо;

Миссиясы:

Мектеп окуучунун жекече мүмкүнчүлүктөрүнө ылайык,билимди ар бир окуучу үчүн мүмкүн болушунча сапаттуу деңгээлде алууну камсыз кылат. Окуучулардын, ата-энелердин, коомдун жана мамлекеттин билимге болгон муктаждыктарын канааттандыруу үчүн баланын коммуникативдик компетенттүүлүгүн калыптандырууга, турмуштагы ордун табууга көмөктөшөт.

Милдеттери:

Мектептин административдик түзүлүшүн жана педагогикалык жамаатты өнүктүрүү жана шарт түзүү аркылуу мамлекеттин жана коомдун берген тапшырмаларын аткаруу. Учурдагы абалын талдоо Тынымсейит Онолбаев атындагы орто мектебинин учурдагы абалы жана көгөйлөрү. Мектеп кыргыз тилинде окутат.Мектепте азыркы учурда 170 окуучу окуйт. Жалпы башталгыч 1- 4

– класстарында, негизги жалпы 5- 9- класстарында, орто жалпы 10- 11- класстарында билим берүү ишке ашырылып келет. Мектепте усулдук кеңешме,4 усулдук бирикме иштейт,башталгыч класстар, математикалык- табигый илимдер, гуманитардык илимдер,класс жетекчилер бирикмеси. Мектепте 17 мугалим эмгектенет.Мугалимдердин бардыгы тең жогорку билимдүү.    КР БбИМ алдындагы РПККЖ квалификациясын жогорулатуу курстарынан план- графиктин негизинде жыл сайын өтуп турушат.

## Стратегиялык багыттары, максаттары, милдеттери жана күтүлүүчү натыйжалар

1 - этап ( 2018- 2019- окуу жылы)

Милдеттери:

- окуу пландарын, программаларын окутууда жаңы технологияларды колдонуу;
- окуучулардын жөндөмүн, шыгын башталгыч класстарында аныктоо;
- мектептин түзүмдүк бөлүктөрүнүн ишмердүүлүгүн жакшыртуу;
- мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу иштерин жүргүзүү;
- мугалимдерге окутуунун усулдук ыкмалары , балдарды тарбиялоого карата семинар-тренингдерди өткөрүү;
- окуучуларды үй бүлө жана коомчулук менен тыгыз жана тең укуктуу кызматташтыкта тарбиялоону камсыз кылуу;
- окуучулардын жана кызматкерлердин ден соолуктарын коргоо чөйрөсүн түзүү; - материалдык – техникалык базаны чыңдоо;
- башталгыч класстарына ата-энелердин жардамы менен 20% окуу китептерин алуу;
- билим берүүдө компьютердик технологияларды колдонуу боюнча мугалимдерге практикалык-семинарларды өткөрүү, Microsoft Word,Google Meet,Microsoft Excel программаларында иштөө;
- китепканага окуучуларды тартуу боюнча тематикалык иш- чараларды өткөрүү;
- техникалык илимдер боюнча ийрим ачуу;
- мектептин тегерегин жашылдандыруу иштери;
- ата- энелер менен бирге “Бирге окуйбуз!” долбоорунун алкагында иш алып баруу; Күтүлүүчү натыйжалар:
- билим берүү программаларын педтехнологияларды колдонуп өтүү менен менен жыйынтыкка жетүү; - мугалимдердин компьютердик билимин жогорулатуу менен сабактарды жана класстан тышкаркы иш- чараларды компьютердик маалыматтык технологияларды колдонуу менен өтүү;
- техникалык илимдерден ийримдерден жыйынтыкка жетүү;

2- этап 3 жылга (2020- 2023 – окуу жылдары)

Милдеттери:

- сапаттуу негизги жалпы билимге кепилденген жетүүнү жана билим берүүнүн бардык баскычтарында ар бир баланын жөндөмдүүлүгүнө жана керектөөсүнө жараша бирдей жетүүнү камсыз кылуу;

- мектепте инновациялык өнүгүүнүн маанилүү ресурсу катары шыктуу окуучуларды колдоо;

- окуу процессин окуучунун өз ишинин уюштурулушу жана натыйжасы үчүн өз алдынча болуусун жана жоокерчилигин өнүктүрүү;

- окуучунун жекече мүнөзүнүн калыптанышына шарт түзүү;

- мамлекеттик жаңы билим берүү стандрттарынын максаттарын жана милдеттерин жүзүгө ашыруу;

- мугалимдерге жаңы технологияларды өздөштүрүүсүнө шарт түзүү;

- волонтердук кыймыл менен иштөө, англис тилин өздөштүрүүнү колго алуу;

- окуучулардын жана мугалимдердин медиа маданияттуулугун жогорулатуу;

- китепкана менен 2-3- баскычтардын окуучуларынын байланышын бекемдөө;

- усулдук кеңешме, усулдук бирикмелердин ишинин натыйжалуу болушу боюнча мастер класс, ментордук практикалык семинар – тренингдерди өткөрүү;

- окуучуга билим алууга, күтүлбөгөн кырдаалдарда багыт алууга жана маалыматка талдоо жүргүүнүн; коммуникациялык жөндөмдүүлүктүн; сынчыл ой жүгүртүүнүн негизинде чечим кабыл алууну калыптандырууга багытталган окутууга компетенттүүлүктү киргизүү;

- драм ийримин киргизүү;

- кадрларды тандоодо адистиктери боюнча сабак берүүнү колго алуу;

- окуучулардын, кызматкерлердин өмүрүнүн коопсуздугу, техникалык коопсуздук, ден соолуктарын коргоо жана колдоо; “Коопсуз мектеп” долбоору менен иштөө;

- өспүрүмдөрдүн сабактан тышкаркы убактарда убактыларын мазмундуу уюштуруу, алдын алуу иштерин жүргүзүү;

- электрондук китеп, электрондук журнал программалары менен иштөө;

- математика жана табигый илимдер предметтеринен олимпиадаларга окуучуларды даярдоо;

- видеоконференция, долбоордук изилдөө иштерин жүргүзүү;

- мектепке видеокамераны коюу;

- мектепти компьютердик технологиялар менен камсыздоо;

- ата- энелердин жардамы, коомчулук менен класс- кабинеттерди жабдылоо;

- мектепте вебсайт ачуу;

- Камкорчулар кеңешин түзүү;

Күтүлүүчү натыйжалар:

- маалыматтык компьютердик технологияларды ар бир окуучу, мугалим сабакта, класстан тышкаркы иш- чараларда өздөрү колдонууга жетүү;

- медиа сабаттуулукка жетүү;

- окуучулардын коммуникативдик компетенттүүлүгүн калыптандыруу менен билим сапатын жогорулатууга жетүү;

- жаңыланган МКТ андан ары өздөштүрүү;

- областтык, республикалык предметтик олимпиадаларда байгелүү орундарга жетүү; - ийрим иштерин колго алуу менен окуучулардын чыгармачылыгын, шыктарын өстүрүүгө жетүү; - билим берүү маалыматтык системасы менен иштөө;

## 3- этап 5 жылга эсептелген.

Милдеттери: - окуучулардын ачык- маалыматтык- билим берүү мейкиндигинде, өз алдынча издөө, окуу ишмердигинде багыт алып жана иштей билүү жөндөмүн өнүктүрүү; - компетенттүүлүк мамилени эске алуу менен билим берүүнүн мазмунун жаңылоо; - баскычтар боюнча уланмалуулук иштерин күчөтүү; - физика, химия, биология, география предметеринен лабораториялыкпрактикалык сабактардын өтүлүшүнө шарт түзүү; - окуучулардын тилдик жана социалдык-маданий компетенттүүлүгүн өнүктүрүүгө багыттоо жана социалдаштыруу тажрыйбасына ээ болуу; - математика предметин өздөштүрүүдө маалыматты иштетүү, издөө, өлчөө,талдоо, талкулоо, жалпылоо ыкмаларына ээ болуу менен чечим чыгарууга багыт алуу жана предметти окутууну системалаштыруу; - башталгыч класстарында кыргыз тили, математика предметтерин жаңы педтехнологияларды берүү менен координалдуу өзгөртүү; - “Ата-энелер институтун” түзүү; - окуу- тарбия процессинде маалыматтарды топтоо, байкоо, мониторинг жүргүзүү; - окуучулардын коомго аралашуусун камсыздоо, демократия принциптерин толук өздөштүрүүсүнө жетүү; - мугалимдерге билим берүүдөгү усулдук ыкмаларды, практикалык сабактарды, технологияларды күнүмдүк сабактарында колдонуусуна жеткирүү; - окуучулардын, мугалимдердин медиа сабаттуулугу боюнча семинартренингдерди, видеоконференцияларды, платформаларды өткөрүү; - окуучуларга өзүн-өзү баалоо, сын, ой- пикирин эркин айтуу мүнөздөрүн калыптандыруу; - материалдык- техникалык базаны жакшыртуу иштерин улантуу, акылдуу, интерактивдүү доскаларды,компьютерлерди,маркерлерди, географиялык карталарды сатып алуу; - мектептин тегерегин жашылдандыруу иштерин улантуу; Күтүлүүчү натыйжалар: - мугалимдердин билимин менен кесиптик чеберчилигинин компетенттүүлүгүн жогорулатуу; - мугалимдердин, окуучулардын МКТ боюнча сабаттуулугун 80%ке жеткирүү; - сабактарда, долбоорлордо,презентацияларда МКТ менен өз алдынча иштөөгө жетүүсү; - окуучулардын өз алдынча долбоорлор менен иштөөсү; - мектептин вебсайтында маалыматтардын эркин чыгуусу; - мугалимдердин жаңы усулдарды, технологияларды өздөштүрүүсү менен билим сапатын жогорулатууга жетүү;

- \бүтүрүүчү класстар ЖРТдө жогорку баллдарды топтоосуна жетүүсү; - “Ата-энелер институту”менен иштөөдө ийгиликтерге жетүү; - материалдык- техникалык базанын жогорулашы менен билим сапатын өстүрүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болуу; - Интернет ресурстарын толук пайдалануу; - китепкана фондун электрондук китептердин эсебинен толуктоо; - мектептин рейтингин өстүрүү;

## SWOT анализ

Күчтүү жактары S Бардык предметтердин адистик менен берилиши.Стабилдүү коллектив. Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу курстардан өз убагында өтүп туруусу. Ата-

энелердин мектеп менен байланышынын бардыгы.Атаэнелердин мектеп турмушу менен байланышы, материаолык, моралдык жардам берүүсү. Мектептин интернет булактары, керектүү жабдуулар менен жабдылышы. Окуучулардын тартиби жакшы. Олимпиадаларда география предметинен жыл сайын байгелүү орундардын болушу. Олимпиадалык резервти табуу,иштөө ишини жүрүшү( география, кыргыз тили предметтеринен) Окуу- тарбия процессин администрация тарабынан системалуу көзөмөлдөнүшү. Мектептин ички эмгек тартиби менен иштеши. Айылда мектептин авторитетинин болушу. Алсыз жактары W Башталгыч класстарында, 5-11-класстарында математика сабагынын чебер мугалимдердин жетишсиздиги. Физика, химия, биология предметтеринен практикалыклабораториянын каражаттарынын начардыгы. Улуу муундагы мугалимдердин компьютердик билимдеринин жоктугу. Кошумча окуутуунун жоктугу. Спорт залдын талапка жооп бербегендиги.Спорттук шаймандардын жетишсиздиги. Ата-энелердин миграциясы.Толук эмес үй- бүлөлөрдүн болушу. Компьютерлердин жетишсиздиги. Айрым предметтер боюнча олмипиадага окуучуларды системалуу даярдабагандык( математика, физика, химия, англис тили, орус тили, тарых) Айрым ата- энелердин баланын билим алуусуна көзөмөлүнүн жоктугу. Электрондук китепти айрым окуучулардын колдонбогондугу. Айрым мугалимдердин эски усулдар менен сабак берүүсү. Мүмкүнчүлүктөр О Мугалимдер менен окуучулардын биргелешип иштөөсүн колго алуу. Мугалимдердин компьютердик, жаңы педтехнологияларды өздөштүрүүсүн көзөмөлдөө, колдоо. Мугалимдердин өзүн- өзү тарбиялоосу, жоопкерчилигин күчөтүү. Мектеп ичиндеги көзөмөлдү күчөтүү. Окуучуларды долбоордук иштер,өз алдынча издөө иштери менен иштөөсүнө багыт берүү. Коркунучтар Т Билим сапатынын төмөндөп кетиши. Билим берүү процессинин бардык катышуучуларынын мотивациясынын төмөндөп кетиши. Сабактан тышкаркы учурдарда балдардын бош болушу, атаэнелердин көзөмөлүнүн жоктугу жана балага кайдыгерлик менен карашы. Мектепте социалдык өзгөрүүлөрдун болушу. Окуучулардын окуужана көркөм Сабакты начар өздөштүргөн окуучулар менен жекече иш алып баруу. Окуучуларга адептүүлүк, ыйман, мекенчилдик,экологияны коргоо,үйбүлөлүк баалуулук , турмуштук көндүм темаларында конференцияларды өткөрүү. Окуучулардын коммуникативдик компетенттүүлүгүн табуу, калыптандыруу. Кошумча билим берүү иштерин иш жүзүнө ашыруу. Балдарына көнүл бурбаган атаэнелер менен мугалимдердин жекече иштөөсү. Мектеп парламентинин ишин жандандыруу. адабияттарды окубай калышы. Өспүрүм окуучуладын максатсыз бош убактысын интернет булактары менен өткөрүүсү. Окуучулардын сабактарын себепсиз,ата- энелеринин айыл чарба жумуштары менен калтыруусу. Баланын жүрүм- турумунун бузулушу, ата- энелердин көнүл бурбашы.

энелердин мектеп менен байланышынын бардыгы.Атаэнелердин мектеп турмушу менен байланышы, материаолык, моралдык жардам берүүсү. Мектептин интернет булактары, керектүү жабдуулар менен жабдылышы. Окуучулардын тартиби жакшы. Олимпиадаларда география предметинен жыл сайын байгелүү оруңдардын болушу. Олимпиадалык резервти табуу,иштөө ишини жүрүшү( география, кыргыз тили предметтеринен) Окуу- тарбия процессин администрация тарабынан системалуу көзөмөлдөнүшү. Мектептин ички эмгек тартиби менен иштеши. Айылда мектептин авторитетинин болушу. Алсыз жактары W Башталгыч класстарында, 5-11- класстарында математика сабагынын чебер мугалимдердин жетишсиздиги. Физика, химия, биология предметтеринен практикалыклабораториянын каражаттарынын начардыгы. Улуу муундагы мугалимдердин компьютердик билимдеринин жоктугу. Кошумча окуутуунун жоктугу. Спорт залдын талапка жооп бербегендиги.Спорттук шаймандардын жетишсиздиги. Ата- энелердин миграциясы.Толук эмес үй- бүлөлөрдүн болушу. Компьютерлердин жетишсиздиги. Айрым предметтер боюнча олмипиадага окуучуларды системалуу даярдабагандык( математика, физика, химия, англис тили, орус тили, тарых) Айрым ата- энелердин баланын билим алуусуна көзөмөлүнүн жоктугу. Электрондук китепти айрым окуучулардын колдонбогондугу. Айрым мугалимдердин эски усулдар менен сабак берүүсү. Мүмкүнчүлүктөр О Мугалимдер менен окуучулардын биргелешип иштөөсүн колго алуу. Мугалимдердин компьютердик, жаңы педтехнологияларды өздөштүрүүсүн көзөмөлдөө, колдоо. Мугалимдердин өзүн- өзү тарбиялоосу, жоопкерчилигин күчөтүү. Мектеп ичиндеги көзөмөлдү күчөтүү. Окуучуларды долбоордук иштер,өз алдынча издөө иштери менен иштөөсүнө багыт берүү. Коркунучтар Т Билим сапатынын төмөндөп кетиши. Билим берүү процессинин бардык катышуучуларынын мотивациясынын төмөндөп кетиши. Сабактан тышкаркы учурдарда балдардын бош болушу, атаэнелердин көзөмөлүнүн жоктугу жана балага кайдыгерлик менен карашы. Мектепте социалдык өзгөрүүлөрдун болушу. Окуучулардын окуужана көркөм Сабакты начар өздөштүргөн окуучулар менен жекече иш алып баруу. Окуучуларга адептүүлүк, ыйман, мекенчилдик,экологияны коргоо,үйбүлөлүк баалуулук , турмуштук көндүм темаларында конференцияларды өткөрүү. Окуучулардын коммуникативдик компетенттүүлүгүн табуу, калыптандыруу. Кошумча билим берүү иштерин иш жүзүнө ашыруу. Балдарына көнүл бурбаган атаэнелер менен мугалимдердин жекече иштөөсү. Мектеп парламентинин ишин жандандыруу. адабияттарды окубай калышы. Өспүрүм окуучуладын максатсыз бош убактысын интернет булактары менен өткөрүүсү. Окуучулардын сабактарын себепсиз,ата- энелеринин айыл чарба жумуштары менен калтыруусу. Баланын жүрүм- турумунун бузулушу, ата- энелердин көнүл бурбашы.